«Макулдашылды»
КУУнун кесиптик бирлик
уюмунун төрагасы
К.С.Жумабеков
________________
«_01_» ___11___ 20_17_-ж.

«Бекитемин»
Ж.Баласагына атындагы
КУУнун ректору
К.Ж. Садыков
________________
«_01_» ___11___ 20_17_-ж.

# Ж.Баласагына атындагы Кыргыз улуттук университетинин кафедра башчысынын кызмат нускамасы

## 1. Жалпы жобо

1.1. Кафедранын ишин (ишмердүүлүгүн), жашыруун добуш менен Окумуштуулар кеңеши тарабынан шайланган илимий даражасы бар адис, ректордун буйругу менен 5 жылдык мөөнөткө эмгек келишиминин негизинде дайындалган кафедра башчысы жетектейт.

1.2. Кафедра башчысынын кызматы шайлоо жолу менен аныкталат. Бул кызматка шайлоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын кафедра башчысынын Жобосу, университеттин уставы, кафедра башчыларын шайлоо тартиби жөнүндөгү Жобонун, КР эмгек мыйзамы менен аныкталат.

1.3. Кафедра башчысынын кызматы жетекчилик категорияга кирет. Факультетке таандык болгон кафедранын кафедра башчысы түздөн-түз факультеттин деканына баш ийет жана ректор менен Окумуштуулар кеңешинин алдында кафедранын ишине толугу менен жооп берет. Кафедра ректоратка таандык болгондо кафедранын башчысы түздөн-түз ректорго баш ийет жана Окумуштуулар кеңешинин алдында кафедранын ишине толугу менен жооп берет.

1.4. Кафедра ачылганда жана кайра түзүү жүргүзүлгөндө (бөлүнүп чыгуу, кошулуу жана кайра түзүү), конкурстук шайлоо өткөрүлгөнгө чейин кафедранын башчысынын милдетин аткаруу кызматы убактылуу ректордун буйругу менен ошол кафедранын профессордук-окутуучулар курамынан бир кишиге жүктөлөт.

1.5. Кафедра башчысы кафедранын ишин уюштурат жана жетекчилик кылат.

1.6. Кафедра башчысы билүүгө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын;

- Билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ченемдик - укуктук актыларын;
- Университеттин локалдык - ченемдик актыларын;
- Билим берүү системасынын теориясын жана методдорун;
- Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын;
- Окуу планын түзүү тартибин;
- Окуу иштери боюнча документтерди жүргүзүү эрежесин;
- Педагогика, физиология, психологиянын негиздерин;
- Кесиптик окутуунун методикасын;
- Билим берүү технологияларын, анын ичинде аралыктан окутуунун усулдарын жана ыкмаларын;
- Илимий-изилдөө иши үчүн маалыматты издөө, топтоо, сактоо, иштеп чыгуу, сунуштоо, таратуунун негизги методдорун;
- Интеллектуалдык менчикти каттоонун механизмдерин;
- Усулдук, илимий-методикалык, илимий-изилдөө иштерин уюштуруу технологияларын;
- Окутуунун жана тарбиялоонун заманбап формаларын;
- Студенттерди мамлекеттик жана атайын стипендияларга көрсөтүү эрежесин жана тартибин;
- Жогорку кесиптик билим берүүдөгү мекемелердеги илимий, педагогикалык жана жетекчи кызматкерлеринин статусун регламентөөчү ченемдик документтерин, алардын эмгегин жөнгө салуу өзгөчөлүктөрүн
- Персоналдарды башкаруунун; экологиянын, экономиканын, укуктун, социологиянын негиздерин;
- Административдик, эмгек мыйзамдарынын негиздерин;
- Персоналдык компьютер, башка электрондук-санариптик түзмөктөрдө иштөө талабы коюлат;
- Эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугунун эрежелерин;

1.7. Кафедра башчысы өз ишинде төмөндөгүлөргө таянат:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, анын ичинде КРдин “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына;
- Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына;

- Кыргыз улуттук университетинин уставына;
- КУУнун Жамааттык келишимине;
- КУУнун ички эмгек тартип эрежелерине ;
- Кафедра жөнүндөгү жобого;
- КУУнун жетекчилигинин буйрук, буйрутма, көрсөтмөлөрүнө, жана ченемдик буйрутма актыларына;
- Ушул кызмат нускамага.

1.8. Кафедра башчысынын убактылуу жумушта жок болгон учурунда (оору, өргүү, иш сапар мезгилинде ж.б.) анын милдеттерин орун басары аткарат, эгерде андай кызмат каралбаган болсо, факультеттин деканынын макулдугу менен кафедра башчысынын билдирүүсүнүн негизинде ректордун буйругу менен кафедранын башка кызматкери аткарат.

## 2. Кызматтык милдеттери

Кафедра башчысы:

2.1. Университеттин жана кафедранын ишмердүүлүгүнүн маселелери талкууланып, чечилип жаткан университеттин түзүмдөрүнүн иштерине катышат;

2.2. Жогорку, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашырууда Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышына жооптуу.

2.3. Кафедранын ишин пландаштырат жана аны кафедра кызматкерлерине алардын функционалдык милдеттерине ылыйык бөлүштүрөт.

2.4. Окуу жүктөрүн бөлүштүрүүнү жүргүзөт жана анын өз учурунда сапаттуу аткарылышын камсыз кылат, кафедрага бекитилген дисциплиналардын сапатына жана студенттердин билим деңглине жооп берет;

2.5. Кафедранын окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө, илимий методикалык, лабораториялык иштерине жана кафедранын башка түзүмдөрүнө жетекчилик кылат;

2.6. Студенттердин арасындагы тарбия иштери, өз алдынча иштерин, практиканын жүрүшүн жана окуу процессин көзөмөлдөйт;

2.7. Окуу процессинин графигинин сакталышын жана окуу сабактарынын кезметинин аткарылышын көзөмөлдөйт;

2.8. Семестр учурунда студенттердин учурдагы рейтингин жана семестрдин аягында семестр аралык билим деңгээлин текшерет жана жыйынтыгын талдайт;

2.9. Кафедранын мүчөлөрүнүн окуу китептерин, окуу жана усулдук кошумча окуу куралдарын иштеп чыгуу ишин, кафедрада, илимий жана окуу лабораторияларында, илимий кружоктордо студенттердин чыгармачыл эмгектеринин уюштурулушун координациялайт жана көзөмөлдөйт;

2.10. Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону (аспиранттар, докторанттар жана изденүүчү) профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу ишин башкарат;

2.11. Профессордук-окутуучулук курамдын жеке пландарын, кафедранын компетенциясындагы башка иш кагаздарын карап чыгып, бекитет;

2.12. Университеттин башкармалыгына кафедранын кызматкерлерин кабыл алуу, кызматтан бошотуу, которуу, моралдык, материалдык жактан сыйлоо жана тартиптик чараларды колдонуу боюнча сунуштарды киргизет;

2.13. Окуу жайдын башкармалыгына кафедранын штаттык тузүмү жана структуралык түзүмү боюнча сунуштар менен кайрылат;

2.14. Окуу жайдын башка структуралык тармактары менен бирдикте кафедранын илимий -изилдөө, методикалык жана окуу-тарбиялык иштерине зарыл шарттарды камсыз кылуу максатындагы маселелерди чечет;

2.15. Кафедранын ар бир окуу жылындагы ишмердүүлүгү боюнча отчетун түзөт жана факультеттин Окумуштуулар кеңешинин кароосуна берет;

2.16. Кафедранын, факультеттин жана окуу жайдын эл аралык ишмердүүлүгүнө катышат, кафедранын профили боюнча ата-мекендик жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары менен илимий-изилдөө уюмдары, ишканалары жана мекемелери менен кызматташтык түзөт жана бекемдейт;

2.17. Коллективдин арасында жагымдуу психологиялык климатты түзүүгө шарт түзөт;

2.18. Бекитилген номенклатурага ылайык кафедранын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары боюнча иш-кагаздардын жана отчеттордун баардык түрүнүн түзүлүшү менен сакталышын камсыздайт;

2.19. Өрт коопсуздугун жана эмгекти коргоо боюнча эрежелерди студенттер жана окутуучулар тарабынан аткарылышын көзөмөлдөйт;

2.20. Кызыкчылыктардын пикир келишпестигине алып келүүчү өз кызыкчылыгына жол бербейт;

2.21. Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде коррупцияга каршы күрөшүү боюнча шарттарды түзөт жана чараларды көрөт;

2.22. Кафедрада коррупцияга каршы иш-чараларды жүргүзөт;

2.23. Түздөн-түз башчысын өз учурунда кандайдыр бир коррупциялык кылмыш бузуулар жөнүндө кабарлайт.

## 3. Укуктары

Кафедра башчысы төмөндөгү укуктарга ээ:

3.1. Ыйгарым укугунун чегинде студенттер жана кафедра мүчөлөрү сөзсүз түрдө аткара турган кафедранын иштөө регламентин бекитүүчү буйрутмаларды чыгарууга;

3.2. Университеттин структуралык бөлүмдөрүндө кафедранын ишине тиешелүү маселелер талкууланып, чечилип жаткан баардык иштерге катышат;

3.3. Факультеттин жана университеттин Окумуштуулар кеңешине шайлоого жана шайлануусуна катыша алат;

3.4. Кафедранын мүчөлөрүнүн, кафедранын иш планына, жумушчу программаларына жана башка окуу иш кагаздарына өзгөртүү киргизе алат жана анын белгиленген тартипте бекитилишин сунуштай алат;

3.5. Кафедранын кароосуна анын окуу, илимий жана башка ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет;

3.6. Белгиленген тартипте кафедранын профессордук-окутуучу курамынын, окуу-көмөкчү персоналдын, студенттердин, ошондой эле зарыл болгон учурда университеттин башка кафедраларын жана башка уюм, мекемелерди илимий изилдөөлөрдү аткарууга тартуу иштерин жүргүзөт;

3.7. Мекемелердин жана уюмдардын кошумча булактарынан тартылган каражат эсебинен каржыланган штаттык көмөкчү кызмат шартында жеке түрдө ишти жетектейт же илимий иштер менен алек болот;

3.8. Аткарылуучу иштердин бардык түрү боюнча кафедра кызматкерлеринен жазуу түрүндө отчёт талап кылат;

3.9. Белгиленген тартипке ылайык кафедра кызматкерлерине, аспирант болгонго (аспирантурага) талапкерлерди тандап, ректорго бекитүүгө сунуш кылат;

3.10. Кафедра кызматкерлери же ректордун сунушу менен башка изденүүчүлөрдүн (аспиранттар, докторанттар) коргоого сунушталган диссертацияларын карап чыгууга алат;

3.11. Факультет деканына билим алгандардын окуудагы ийликтери жөнүндө моралдык же материалдык сыйлоонун түрдү формалары боюнча сыйлоо жана тескерисинче алардын кетирген кемчиликтери үчүн, университеттен кетиргенге чейинки жаза берүү жөнүндө сунуштарын киргизет. Ошондой эле факультет деканына кафедра кызматкерлерин моралдык же материалдык жактан сыйлоонун түрдү формаларына көрсөтүү жана тескерисинче аларга дисциплинардык жаза берүү боюнча сунуштарын киргизет;

3.12. Окуу сабактарына, ошондой эле экзамен жана зачётторго тандоосу боюнча катышат;
3.13. КУУнун уставы менен жамааттык келишимине ылайык университеттин башка түзүмдөрүнүн социалдык–турмуш-тиричиликтеги тейлөө кызматтарын, дарылануу кызматтарын пайдалана алат.

## 4. Жоопкерчилик

Кафедра башчысы төмөнкүлөргө жооп берет:
4.1. Кафедранын окуу процессинин, илимий-методикалык жана илимий иштердин төмөнкү деңгээлде уюштурулушуна;
4.2. Жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки жана кошумча түрдөгү кесиптик (профессионалдык) билим алуу боюнча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда мамлекеттик билим берүү стандарттарынын сакталышына;
4.3. Кафедрага бекиген окуу дисциплиналар менен адистиктер боюнча окуп билим алгандарды даярдоонун төмөнкү сапатына;
4.4. Кафедранын материалдык-техникалык базасын функционалдык милдеттерине ылайык эмес колдонгонуна;
4.5. Кафедранын кызматкерлеринин жана билим алуучулардын укугун, эркиндигин бузгандыгына;
4.6. КРдин билим берүү жаатындагы мыйзамдарында каралган билим алуучулардын укуктары менен эркиндиктерин бузуу же мыйзамсыз чектегенине же укуктар менен эркиндиктерди ишке ашыруунун белгиленген тартибин бузгандыгына;
4.7. Билим берүү жаатындагы КРдин мыйзамдарында белгиленген мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестацияны өткөрүү тартибин бузгандыгына;
4.8. Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан адинистративдик, жазык жана жарандык мыйзамдарында аныкталган чаралардын чегинде өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруу процессинде жасаган укук бузууларга.
4.9. КРдин аракеттеги эмгек мыйзамынын чегинде ушул кызматтык нускамада каралган өз кызматтык милдеттерин туура эмес аткаргандыгына же аткарбагандыгына;

**Макулдашылды:**

**Укуктук камсыздоо, адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы** **А. А. Жайнакова**

**Укуктук камсыздоо секторунун башчысы:** **Р. К. Токтоналиев**